## ДАСТАНДАР

Дастан жазуу дартикем иш эмес!

Дастан дасыккан, алдына ат салбаган, соорусуна суу

Төгүлбөгөн накта күлүк жорголордун кесиби…? Бизче айт-

Канда, дастандарды даана айткан акындар аз! Өмүрү узун

Болсун, кыргыз элинде азыр бир гана дастанчы бала бар,

Анын аты-жену ЭЛМИРБЕК ИМАНАЛИЕВ, «көз тийбесин,

Сөз тийбесин» балага…

Мен ал бала менен (эркелетип айтып атам) эчен танды

Атырып, эчен күндү батырып дастан айттырып көрдүм, ал

Гана эмес, жазган дастандарымдын да бир азын өзүнчө

Айттырып калууга үлгүрдүм.

Дастанды ырдоо манерасы, аны түшүнүү, сүйлөө, айтуу

Дикциясы боюнча караганда дастанчылардан андай таланттуу

Адамды кыргыз жергесинде азырынча жолуктура элекмин.

Өзүмдүн атымдан ал балага узун өмүр, чын ден соолук

Каалап, кыргыз элинин залкар таланттуу, касиеттүү адамдары Алымкул Үсөнбаевдей ал балага кооз үндү, Калыктай

Кармаган жеринен кан чыгарган, кара жаактык талантты,

Калыстык менен сөздү таап айткан акындык устаттыкты,

Осмонкул Бөлөбалаевдей оозуна келген орошон ырларын Ак жаандай төккөн талантын (өнөрүн) дагы өстүрүп, Ысмайылдай удургутуп төктүрүп, кыябы келсе кычкыл сөздүү

Коргоолдой ырчыдан таалим алса, к ыз элинин кыйырына

Из салчу бул чоң талант болооруна шегим жок! Башка айтаарым жок, аман жүрсүн Элмирбек иним эл ичинде!

Элмирбек Иманалиев менин 17дастанымды аткарып, элдик обондон менен ырдап берди. Бул обондор элге жагымдуу обондор.

Бул китепке 14 дастан жазылды. Калган 3 дастанды эмки китептен окуй аласыңар. » -деп  дастандардын автору: Качкын Оторбаев.

**БАЛАЛЫКТЫН КАРААНЫН, БАРСАМ АЗЫР ТАБАМБЫ?**(Балалыктын поэмасы...)

Биздин балалыктын алтын доору тээ XX кылымдын50-60-жылдарына барып такалат. Ал кездеги жашоо-турмуш деңгээлин, азыркы жашоо-турмуш деңгээлине салыштырмалуу асман менен жердей айырма болгону менен ал еткен кылымда адам баласы алтын доордо жашап ет- көңдөй көрүнөт. Ал кезде биздин балалык доорубузда жа- ратылыш ушунчалык кооз көрүнчү, аба ырайы адам бала- сына жагымдуу таасир калтырчу. Кышы кыштай, жазы жаздай, жайы жайдай болуучу, күрдөөлдү күз айларында молчулук, токчулук өкүм сүрчү. Жаз айларында жараты- лыштын сулуулугу менен кошо келген карлыгачтар кай- кып учуп, күмүш топу боз торгой асманга атып чыгып канаттарын каккылап кубулжуган үн менен сайрап турар эле. Талдан-талга учуп конгон күкүк куштар таңдан кеч- ке үнүн баспай, кулактын кычуусун кандырып, адамга эбегейсиз рахат тартуулачу. Жаан жаап өткөндн кийин көлчүктөгү көк бакалар көмөкөйүн асманга ыргытып эң бир сонун кулакка жагымдуу симфония музыкасын жа- ратчу. Сасык упүп сары куш, талааанын көркү болчу. Ошондон уламбы адамдардын ич ара мамилеси да көңүл- ге ыймандуулукту тартуулап, андан улам бири-бирине ас- тейдил сылык, ишенимдүү мамиле жасашчу эле.

Бала кезде, ал кезде

Жаратылыш дүйнөсү…

Жакын болчу адамга,

Жан дүйнөнү дүрбөтүп?..

Бала кезде, ал кезде

Бажырайып чар тарап…

Бакыт күлүп тургандай,

Баштан сылап, мархабат?

Кооз атчу тан дагы

Кооз батчу Күн дагы…

Мээ кайнаткан ысык жок

Мээриминде бир дагы.

Кышы кыштай созулчу

Жазы жаздай келүүчү…

Жоодураган жазгы күн,

Жанга мээрим төгүүчү…

Кыштай турган үргүлөп,

Кайын, талдар дилдиреп?»

Жан-жаныбар ойгончу,

Жаз келгенин билдирип…

Жаагы тынбай, таң заардан

Жаз келгенин «жар салган?»

Көлчүктөгү бакалар,

Бакалоору барсайган…

«Көккө түтүн булатып»,

Көмөкөйүн «аңтарган?..»

Көркөм дүйнө «музасы»

Жан дүйнөмө «чан салган?»

Көккө жиреп абаны,

Көзгө тааныш карааны…

Чабалекей учкул куш,

Жаз келгенин билдирип,

Чабагандап талааны…

Чатырга «үй» курчу эле,

Жакын үчүн адамга!

Кой жайганда талаага,

Көтөрүлүп абага…
Көп куштардан бөлүнүп,
Көмөкөйүн сабаган?..>>
«Күмүш топу» боз торгой,
Күжүрмөнү талаанын…
Бүгүн барсам көрүнбөйт,
Кайда кетти карааны?..
Куса болуп мен турам,
Кур талаадан табалбай,
Жан дүйнөмдү жаралап…

Кыр-кырларга «үй» салган,
«Кыш-кыш» этип үн салган…
Кызык эле «үпүп» куш,
Кыз-жигиттей суйсалган?
Көпөлөктөй тез сермеп,
Көгүш чаар канатын…
Көп жөжөсүн ээрчитип,
Көк шибердин арасын…
Бөтөн көзгө чалдыкпай,
Бөгүп жатчу, баласын…
Сан куштардын сак кушун
Азыр, сагынсан кайдан табасың?...

Жаз келгенде ар убак,
Жамгыр төксө дыбырап…
Жайнап чыккан талаага,

Жашыл чөптөй жамырап…
Байчечекей сары гүл,
Бар эсимде, ар убак!

Жаз келгенин билдирип,
Жар чакырып ааламга!
Жаагын тынбай сайраган
Жаз күкүгү тандарда…
Табылабы мен барсам,
Айылыма барганда?
Көре албадым негедир,
Көпкө жүрүп арманда!?

«Көке Теңир» бийиктен,
Көк булуттар жыйылса…
Жазгы жамгыр нөшөрлөп,
Көнөчөктөй куюлса…
Көйнөк, шымдар шөмтүрөп,
Көл-шал болуп сыгылса…
«Көк муштумдар» чөбүрөп,
Көрбөй аны <<тыйынча»…
Жарк-журк этип ачылган,
Жазгы күндөй жазыксыз…
Балалыгым өтүптүр,
Байкап көрсөм, ачык сөз!

«Чикит» менен «качма топ»,

Жазып койгон мандайга…

Балалыктын оюнун,

Таап берчи, ал кайда?

Чыбык кыркып, «ат минип»,

Чүкө өкчөгөн талашып…

Чыны менен сагындым,

Чын достордун арасын…

Издеп барсам айылга,

Ойноок бала кезимди…

Орду калып өзү жок,

От жактырып сезимге!

Арманым бул, балдарым,

Ал балалык жылдарын…

Атасындай билген жок,

Аалам, дүйнө сырларын?..

Арманым бул, балдарым,

Мен көргөндү көргөн жок…

Боз топурак чан жолду,

Жыланайлак бут менен,

Буртулдатып «челген» жок?

Арманым бул, балдарым,

Мен билгенди билген жок…

Текей терип, тескейден

Мандалак жеп жүргөн жок…

Арманым бул, балдарым,
Мен көргөндү көргөн жок…
Көпөлөк кууп жайлоодо
Сан гүлдөрдү терген жок…

Арманым бул, балдарым,
Улуу тоого чыккан жок…
Улуу тоону жаңырткан,
Улар үнүн уккан жок…

Арманым бул, балдарым,
Ала-Тоодой салмагы…
Ак боз үйдө чер жазып,
Атырган жок жайлоонун,
Ажайып кооз таңдарын…

Арманым бул, балдарым
Алар билбейт андагы…
Күрпө-күрпө бышылган,
Көрөнгөлүү сабанын…
Жылдыз толгон маалында,
Жыпар-жыттуу саамалын…
Кайдан билип сезишсин
Кан жайлоонун жыргалын?..

Арманым бул, балдарым,

Адыр, белге чыккан жок…

Атыр-жыттуу тоолордун,

Абасын кере жуткан жок…

Арманым бул, балдарым,

Ышкын терип бийиктен…

Карап турсам көз салып,

Кайберендер, кийиктер

Каркырадай чубашып,

Көз алдымдан өткөндү

Билишсин?..

Кайдан сезип,

Кайталангыс бул учур,

Канга салган бүлүктү?..

Арманым бул, балдарым,

Мен билгенди билген жок…

Тобурчактай токулган,

Тору тайды минген жок…

Ал кездеги «ак чөлмөк»,

Оюндардын сонунун…

Билбей калды балдарым,

Балалыктын оюнун…

Ала бакан селкинчек,

«Ай чапчыган» асманга!

Теппей калды балдарым,

«Тентек» ошол, жаштардай!

Кең пейилдик – бийикти,

Биз көрчүбүз төрлөрдөн…

Сулуу кыздай суйкайган,

Сулуулукту Соң-Көлдөн…

Ата-энең бар, бактылуу

Ал балалык куракта…

Тазалыкты тапчубуз,

Таза мөлтүр булактан…

Тукабадай кулпунган

Кооздукту жайлоодон…

Ак, сары гүл жайнаган

Ашуу-белден, тоолордон…

Сыпайы келген конокко,

Сыйкорлукту көрсөткөн…

Бар тамагын аябай,

Баласындай, кел дешкен…

Апалардын мээримин,

Билдим айран, кымыздан…

Төргө салган көлдөлөң,

«Жымын» эткен жылдыздан.

Канга бүткөн камкордук,

Айкөлдүгүн атанын,

Канда сактап жүрөбүз,

Калбайлы деп батага?..

Тээ алыстан олтуруп,

Сезем күүсүн Ааламдын…

Балалыктын кыялын…

Барсам азыр табамбы?

Тентек кездей удургуйт,

Теңир-Тоонун шамалы…

Бара жатат алыстап,

Балалыктын карааны…

Жакын келип ким сезди

Жанга баткан санаамды?...

**ЖУМГАЛДЫ КАЙРА КӨРГӨНДӨ…**

(Ыр дастан)

Кан жайлоо Соң-Көл атанын,

Кадырын билген Аталар!

Кастарлап жашап өтүптүр

Канча бир кылым катары…

Канатын көккө сермеген,

Барчын куш, жүрген Кайберен…

Мекендеп турган ыйык жай,

Мээримин төгөт эмнеге?...

Жер соорусу кең Жумгал,

Жер жоктур сага-барабар?

Керээзи тура калтырган,

Кеменгер Ата-Бабанын…

Кудурет берсе өмүрдү,

Койнунда келет жашагым…

Сай-сайлап аккан мөл булак

Сагынтат мени ар убак…

Ширеси жердин турбайбы,

Шилбили менен Сарбулак!

Көбүргөн белде Ат-Ойнок

Көк тойгон малдар ныксырап…

Көөнөргүс бийик капчыгай,

Көөдөндү турат ышкылап…

Көркемү көздү талдырган,

Кек,сары, ак, кызыл түс турат.

Сүрөтчү сүртүп койгондой,

Кыл калем менен мыктылап…

Али да турат сезимде,

Алтындай жаштык кезимде…

Каз-катар тиккен боз үйлөр,

Айылдын аркы четинде…

Алабакан селкинчек,

Аталар курган кечинде…

Катарлаш өскөн тең курбу,

Каткырык күлкү кечирген…

Улуу тоого от жагып,

Уюткан жүрөк сезимди…

Жаштыгым калды тоолордо,

Жараткан берген көз ирмем…

Алакан жайып батаны,

Алкаган үчүн Аталар!

Алдыда турат менсинип,

Аскасы бийик Асаба!

Каз-Уя менен Дадыйды,

Казыркы урпак тааныйбы?

Улары тоодон үн салган,

Уу төрдүн башы шагылды…

Кекилик учуп жете алгыс,

Келаткан белес, Адырды…

Чубашып оттоп Кайберен,

Чураган, Теке сайынды…

Мол булак чыккан сызылып,

Мөңгүдөн улам агылып…

Ууздай булут айланган

Улуу тоо турган жаңырып…

Шөкүлө деген Чокудан,

Чөлмөктөп куйса жамгыры…

Аскасы бийик Ала-Тоо, о деги

Атамдай турган сабырдуу…

Канча мен жазсам ырларды,
Касиет жерим Жумгалды…
Каниет кыла албадым,
Карекге тартып сырларын…
Мээнеткеч өтсө жылдарым,
Мен барам улам улгайып…
Менсинет кайра жыл сайын,
Мээримин төгүп Жумгалым.
Жашай бер дайым түбөлүк, сага
Жазылсын гүлү ырлардын!
Эсен бол жерим Жумгалым,
Эл-журтуң көрсүн жыргалын…
Эчен жыл сага бара албай,
Эрксиз өттү жылдарым…
Эми,
Эл-журтумду көргөндө,
Элирип жүрөк туйлады.
Элеси кетпей эсимден,
Эне-атам жүрген жылдардын…
Энесин көргөн баладай, о деги
Эреркеп кетип ыйладым…
Ата-Бабам турагы,
Аман бол айлым Жумгалым.
Айланып кайра көргөнчө,
Арадан өтөөр жылдарым…

Мекедей жерсин сен ыйык,

Мээримин төккөн күн дагы…

Мен үчүн,

Өзүнөн башка мекен жок, о деги

Аталар өткөн мындагы…

07.09.09-ж.

**ГҮЛ ЭКЕН АДАМ КӨҢҮЛҮ…**

(Насыят)

Адамдын жашоо талабы,

Алакан менен саналуу…

Аёолуу жүрөк сезимин,

Аясаң курбум, аягын?...

Акындык менен айтылат,

Арсоздун болсо талабы.

Абайлап тыншап сезумду,

Акылын менен баалагын!...

Кен дүйнө бүткөн Ааламга,

Кеп сөздун гулун арнайлы…

Аёолуу жүрөк сырларын,

Айтпасак унут калбайбы

Гулгүндей курак кезинде,

Кур бекер журуш жарайбы?...

Курдаштар менен ойноп кул,

Кыйнабай жүрөк санаанды…

Аёолуу болгун баарына,

Ак ниет болгун жарына…

Анткени акыл кошулат,

Асыл жар болсо жанында…

Акка бир моюн сунгуча,

Адамча жашап калууга?...

Ак сөздөн чындык бузулбайт,

Акыл сөз мунум баарына!

Урматта дайым Улууну,

Улуунун болот жолу Улук!

Тең өсүп бирге чоңойгон

Теңтушка бөлүш сырынды…

Кичүү деп, жашты кемсинтпе

Кичүүдо болот Сулуулук!

Өзгөчө аяр мамиле

Өзүңдөн турсун сунулуп…

Калп айтып сөзду кордобо,

Карөзгөй болуп шорлобо?...

Адамга болсон кайрымдуу,

Ал деле бир кун ойлонот?...

Жакшынын баркын биле жүр

Жалгызга боорун толгонуп?...

Ажатын ачсан адамдын,

Ал деле турар ойлонуп?...

Жолдошко кара санаба,

Жолуккан чоочун адамга

Чакырып бир күн чай берсен,

Чак туште жазбас саламын…

Манчыркап кетпе байлыкка,

Байлыкты катпа сандыкка,

Баарына бирдей тен жүрсөң,

Бактылуу болдун артыкча!

Кээ бирде жигит Төө минет,

Кээ бирде жигит жөө жүрөт…

Тынсынып элге мактанба,

Туура сен жүрсөң эл билет.

Кароо бол жетим-жесирге

Карөзгөй болуп эсирбе?...

Канатын күүлөп Асманга,

Жетим да бир күн жетилет…

Жашооң бул комуз сынындай,

Үндөшкөн үч кыл, кылындай.

Чертилбей калса бир кылы,

Чер жазган күүсү угулбай…

Жашоонун кемийт санаты,

Жазыксыз өткөн жылындай.

Жел үйлөп жибек саамайын,

Жейрендей учкул маанайы…

Селкиге бир күн жолуксаң,

Сезилеер турмуш шаабайы…

Абайлап кылсан мамиле,

Артылаар жигит таалайы…

Аз күнчөлүк өмүрдө,

Ардактап турса жубайың…

Айтылган сөздөй уламыш,

Ак куудай бийик урагыс!?

Ак сүйүү сага жолукса,

Айтылаар сөздүн ынагы.

Ачылаар багы жигиттин,

Алоолоп күйүп чырагы…

Өкүнбөй жашап, өмүрдүн

Өткөрө берсин сынагын…

Сүйүүнү бийик баалайлы,

Сүйүүдө көздун жамалы…

Сүйбөгөн адам биле албайт,

Сүйүүсүз көздер жанабы?...

Сүйүүнүн тунук сезими

Жүрөктө жүрөт ар дайым…

Орунсуз сүйлөп жарына,

Өчүрүп алба жалынын…

Баалайлы өткөн кырдаалды

Бал таткан суйуу жылдарды…

Бакытка эч бир тендешсиз,

Башындан өткөн жыргалды…

Аягын мукам үндөрдү,

Аягын назик гүлдөрдү…

Артыкча баала алтыным,

Ашыктык отко күйгөндү…

Ар дайым сени көрсөм – деп

Ашыгып күтүп жүргөндү…

Баалагын өмүр кымбатын

Билесиң күтүп турбасын?

Баладай сүйсөң көңүлүн,

Балкытып, жүрөк туйласын!

Бар болсун адам көңүлү

Баарына арнап ыр жаздым…

Гул экен адам көңүлү,

Гүл салган идиш сынбасын…

**БАШЫ САЙРАН, ТҮБҮ ОЙРОН ЖАЛГАН ДҮЙНӨ…**

(Казал)

Теңирим берген жашы азбы, көппу?

Пайгамбар жашын дагы жашап өттук!

Турмуштун ачуу-таттуу даамын таттык…

Эми, жетимиш жаш желкелеп турган чакта,

Бул жашооңдун жалганына көзүм жетти!

Ошол учун элге-журтка

Маани-маңызын айтып, атын атап:

Башы сайран, тубу ойрон

Жалган дуйнө экенин билсин!

Качкын байке.

Анда ошол ыр-Казалды комуздун коштоосунда

Аткарып берейин.

Башы сайран, түбү ойрон жалган дүйнө,
Бабалардан байыркы калган дүйнө…
Байлыкка март, кедейге-кембагалга.
Кенедей карамы жок Арман дүйнө…
Теңсиздик тебелеген очок-ордун,
Теңирден бизге калган кайран дүйнө…

Бул турмушка От болуп кирем десең,
Бул жашоонун өмүрүн сүрөм десең.
Агын суунун шарындай долуланган,
Агып кал агынына, кыйын кезен!
Чок болуп,колун карма тажаалдыктын,
Чаалыкпай жолун ула Адамдыктын.

Уланткын Улуу көчтү андан ары,
Урматтап, барктап сыйла алган жарды.
Жакшы жарга жолуксаң бул Өмүрдө,
Андан өткөн дүйнөдө бакыт барбы?
Бул жашооң көз ирмемдей өтүп кетер,
Билинбей ачуу-таттуу закымдары…

Тукум улант, айтаарга аты болсун,

Барга-жокко чыдамдуу, заты болсун…

Бирде келет байлыгың, бирде кетет,

Бардык ишти чечүүгө башын болсун…

Билимдүүлүк адамдын кош канаты,

Билиш үчүн кылымдык жашы болсун…

Жалын тара атынды минеринде,

Жалтылдатып алыска жол жүрөрүндө

Куйругун түй кылычтай, шамдай кылып,

Күнчүлүк жер арытып жүрөрүңө…

Жарпын жазып жашоодон, ырахат ал.

Жалынын өчөөр бир күн, бул өмүрдө…

Бутпарасы дүйнөнүн – будуң-чаны

Бурандаткан көчүгүн Бурулчадыр?...

Бул болбосо өмүрдүн да көркү чыкпас,

Буйруп койгон бок дүйнө куюн-чаны…

Бир келген бул өмүрдүн кызыгыдыр?

Билген үчүн мен жаздым Бурулчаңы…

Уга турган сөз татым-көсөмдөрдө,

Улуулардан келатат сөз өнөрү…

Жакшы жагын алып кал бул өмүрдөн,

Жакын жерден жолукпас көсөмдөрү…

Дүйнөгө түркүк болбой өтүп кетти,

Булбулдай сайрап турган эчендери…

Дос күткүн, бул жашоонун баркын билгин,
Дос болот жолоочусу өмүрүңдүн…
Атаңа айтпас сырды ага айтасың,
Балана айтпас ойду… муну билгин?
Ар дайым ачык болсун кабак-кашың,
Досторго жолугууга шашып тургун…

Бул өмүр келип кетет, кайталанбайт
Кезек келсе… сөзүңдү тайманбай айт!
<<Баш кесмек бар, тил кесмек жок» деген сөз бар,
Башынан келе жаткан элдеги шарт…
Жигит болуп келдиңби бул дүйнөгө,
Жигиттей өт! Болбосо өлүм артык!!!

Өткөн өмүр өкүнтсө, капа болбо?
Өмүрдүн сага берген ошол шору…
Өзгө эмес, өзүңө да кереги жок,
Өчөйгөн 90 жаштын узак жолу…
Эркектей, сенде дарман күч болбосо,
Эчкидей жашын калды, билсен ошо?!

Башы сайран, түбү ойрон жалган дүйнө,
Бабалардан байыркы калган дүйнө…
Барды-жокту башына үйүп алган,
Башынан кесепеттүү Арман дүйнө…

Балык болуп, тил бүтүп бакырсаң да

Океандай оп тарткан Албан дүйнө.

Ааламга адам болуп жаралган соң,

Арманыңды айтмаксын анан кимге?

**ЖАШТЫК, КАРЫЛЫК ЖӨНҮНДӨ…**

(Насыят)

Карылык жана жаштык жөнүндө, өлчөөсүз өткөн өмүр

Жөнүндө өзүмчө олтуруп ой-толгоо кылып, ушул насаат ырды

Жаздым.

Карылыгың менен жаштыгын эртедир-кечтир адам ба

Ласынын башына келе турган айныксыз бир милдети эке-

Нине, азыр мен толук ынандым…

Жаштыгын жанырган Айдай, бат эле жапсардан жар-

Кырап тийген, көөдөндүн көрөңгөсүндө жетилип, көк жарып

Телчигип, көңүлдөгү куттай уялап, көз ачып-жумганча өмүр-

Дүн өрүн көздөй кыялап, өткөөл мезгилдин өрттөй жалындаган жакшы бир учуру экен…

Кумарлансаң, кумарлануун жазылбай, дуйнө таанымын

Билгиче түпөйүл болуп жүрөк сыры ачылбай, жоон-топ

Жолдош-жоро күткүчө жолдоштуктун, достуктун анык, ынак

Жолу табылбай, жандүйнөңдү аңтарып, теңтерип өз теңинди

Тапкыча, ошол жоголгон оймолуу кооз, болот бычак сабындай

Жүрөгүңдү жаралап жарып өтчү убакыт-саат экен…

Жаштык кезде, өмүрүң суудай агылып, от болуп албырт-

Тап күйүп жалындап, бирок өкүнсөң кайра келбеген ордолуу

Кооз шаарындай, от жүрөктүн кылдарын оболоп черткен

Өзүнчө бир, оор сынак доор экен, алтындай!

Билинбей өтүп жаз айы, бир өмүргө күз келет, акыры,

Карылык деген азабын?... Карылыгың кандай келет адам

Башына, ал жараткан «жазмыштын» иши дечи?...

Бирок менин билип-туюшумча: -Саксактаган сары оору-

Дан, алтын башын алыс болсо… Кадырман адамдай калк

Ичинде жашап, калайык-калкка калыс болсон… Эстүү чыгып

Балдарың, эл-жерин сыйлаган-намыстуу болсо… Эртели-кеч

Эгиз козудай ээрчишип-телчишкен жубайың менен акыркы

Бараар-тураар жерин алыс болсо…

Акылын айныбай, Аз оокатка кайгырбай… Тойгонуна

Тобокел салып, «жараткандын » жазмышын унутпай, бейпил

Турмушуңдун берекеси анык болсо… Жакшы карып атат

Бул аксакал деген сөз жалпы калайык калың журтка угулуп,

Даңкың элге аныз болсо…

Анда, миң жылга чыккан Арчадай, эл ичинде сөз калат,

Карылыктын баркы анын…

Анда, Жаштык, Карылык жөнүндөгү насаат ырды баш-

Тайын…

Оо, калайык уккула!

Жалпына айтам саламды,

Тоголок Молдо атамдай,

Оң-солго шилтеп каламды…

Оозума келген шекердей,

Оо, силерден

Осуят сөздү аяймбы?...

Жакшылап байкап карасаң,

Адамдын өткөн жашоосу,

Жарымы жарык, жарымы

Жаңырган Айдай карангы!

Билсин деп айтып жатамын,

Билими тайкы адамдар,

Билеби адам жашоосун,

Бир келээрин Адамга!

Адамдын жаштык курагы,

Жаз экенин билип ал!

Адамдын жашоо өмүрү,

Аз экенин билип ал!

Аз күнчөлүк өмүрдүн,

Март экенин билип ал!

Улууларды урматтоо,

Салт экенин билип ал!

Теңтуштук ысык мамиле

Барк экенин билип ал!

Кичүүгө акыл айтуунун,

Парз экенин билип ал!

Жаралган ушул дүйнөнүн,

Жарымы чын, жарымы

Калп экенин билип ал.

Жаштыгың барда өсөөрсүң,

Жан мүдөөңө жетээрсиң.

Жабалактап жыш өскөн,

Жайлоого чыккан Жекенсиң!

Жел айдаган Кайыктай,

Туяктуудан жетпеген,

Тулпар менен Бөкөнсүң?

Күнү-түнү сайраган,

Күкүк менен Зейнепсиң,

Куюлушкан сөздөрү,

Куйручуктай чечensин!

Жаш кезинде буралган,

Жайкалып өскөн кыраңда…

Жайлоонун кызыл гүлүсүң,

Жыпарын чачкан тулацга…

Жылдыз сымал жымыңдап

Жарыгын төккөн Ааламга!

Жаш кезинде мелт этип,

Жайлоодон түшкөн булаксың!

Шынгырланган добушу,

Кужурун алган кулактын…

Тажабайсын ойнунан,

Татынакай куракtын…

Табият берсе өмүрдү,

Таалайга жанган чыраксың!

Жар ташка чыгып ойногон,

Жаш кезин бала сыяктуу…

Оюнга такыр тойбогон,

Таштан-ташка секирген,

Татынакай улаксын!

Карыганда билесин,

Кадырын ошол курактын…

Өкүнөсүң өмүргө,

Өтүп кеткен убактын

Жакындан баркын ким билди,

Жалындаган чырактын!

Жаш кезде таттуу балдайсың,

Жагымдуу памил чайдайсың…

Көз жоосун алган адамдын,

Көлөкөлүү талдайсың…

Жанында жүргөн жаш селкин,

Жар болушун самайсың…

Отуз күн шапар тепсен да,

Оюнуна канбайсын!

Өмүр бул суудай агылган,

Өрт болуп күйгөн жалындап…

Өкүнсөң кайра келбеген

Ордолуу шаарын жанырган!

Отузунда ойноп кал,

Ордунан өтсө убакыт,

О чиркин, ошол кез кайдан табылган?!

Мин жылга адам жашаган,

Мисалын элге айтайын…

Мисирдей кымбат мамиле,
Милдети турса күн сайын,
Кадырын сыйлап жарындын,
Катарлаш жүрсөң ар дайым,
Эне-атасын сыйлаган,
Эстүү чыкса балдарың
Ошондо өмүр узарат,
Жашындай, жашыл арчанын…

Ошондо өмүр байырлайт,
Мин жылга чыккан Арчадай!
Кадырлап, барктап турушса,
Кадыры элде канчалык?!
Бу, жаштыктын көрку сулуулук,
Жагалмай куштай зымырык!
Жаштыкка адам тоёбу,
Жашоонун чеги улуулук!
Карылык деген кез келет,
Качасын кайда жулунуп?...

Бүрдөгөн гүлдөй бачайы,
Билинбей өтүп жаз айы…
Бир өмүргө күз келет,
Карылык деген азабын?...
Кайрылып келбес жаштыгың,
Карылык деген Аты, анын…

Карылык деген кашайгыр,

Айтып бүткүс казалдыр?...

Акырын байкап карасаң,

Акылга сыйбас назары…

Ар кыялы бир кокуй,

Адамдын көрген азабы?.

Бассаң-турсаң туткактап,

Баласындай бучкактап…

Балээдей сага жабышкан,

Башка бир келген бул каскак?

Байбичедей, кечке күн

Бакырчылык

Кечирген…

Кош тизесин кучактап,

Кор болгону сезилген?...

Ээндетип эл-журттан,

Эшек сымал эзилген…

Кузгун менен жорудай,

Күн чубактап кеч кирген…

Карылык деген бул Акмак,

Каржалып калган куракта,

Көрүнөө жерден көздү алган,

Көмөкөйдөн сөздү алган…

Үйүң күйгөн карылык,

Үч агайын Өздү алган…

Белен жерден бетти алган,

Кулак, мурун Эсти алган…

Куюлушкан мончоктой.

Куймак-майлуу сөздү алган…

Атандын көру эй арман!

Ажыдаардай оп тарткан,

Карылыктай азаптан,

Кайда качып кутулуп,

Кана, адамзаттан ким калган?...

Калыстык айтсам кебимди

Казык кылган белинди

Каруу менен күч экен…

Кайрылбас ошол жаштыгың,

Карап көрсөм марттыгын,

Кагылайын, «киши» экен…

Мууну кеткен баладай,

Нукум жерге баса албай,

Олтурсаң-турсаң жата албай,

Шоролонтуп көздөрүн,

Тууган элге бата албай,

Тирүүнүн анык азабы,

Карылык деген «ИТ» экен.

Казыр турган жаштыгың,

Каткырыгын мулк экен…

Калжың-кулжуң сүйлөгөн,

Кайталаган мин сөзүн,

Карылыгын күлкү экен…

Бирде ооруп, бирде соо,
Турат экен карылык…
Билик майы түгөнгөн,
Чырак экен карылык…
Эшик, төргө басалбай,
Жылат экен карылык…
Эмне айттын?-деп кыйкырып
Угат экен карылык…
Эски мата төшөктөй,
Сынат экен карылык…
Элге-журтка кеп болуп,
Турат экен карылык…
Эне-атасы бул десе,
Уят экен карылык!
Балдар берген тамакты,
Ичпейт экен карылык…
Бир тиши жок оозунда,
Тиштейт экен карылык…
Куурчактай кийинтип,
Турса балдар жалынып?...
Түз туралбай темтендейт,
О, түбүң түшкур, карылык!

Карылыкты Нарк билген,
Кайраттуу адам женалат…

Касиети акылы,

Калкка кепил боло алат?...

Буга мисал, Кан Бакай,

Алдырбаган сөзүнөн…

Буга мисал Кан Кошой,

Аттабаган бир да жан,

Атанын айры төшүнөн…

Кыргызда мындай Аталар,

Кылымдын келген көчүнөн…

Анда балдардан бери тела и

Айтылган сөзгө жүйөлүү…

Ак таңдайы таңшыган,

Акындар эмес, буга күнөөлүү?...

Анча-мынча карылык,

Алкымдаса жүдөтүп…?

Жаман-жуман кишидей,

Жан-жагына түнөтүп…

Үйүр кылбай бул Идти»,

Убайымды түгөтүп,

Үйдөн алыс куугула!

Арча менен түтөтүп…

Жан-жагына жолотпой,

Жан сакчыдай күзөтүп…

Үйүндө жашайт карылык,

Ыкшоосу болсон адамдын…

Үйдө олтуруш бекерге,

Закуну эмес адамдын?

Кан Бакай, Кошой атаңдай,

Кадырлуу жашты самагын…

Кереги элдин болгула,

Келаткан жакшы замандын…

Узарып жатат өмүрлөр,

Ыймандуу эстүү баландан…

Уучу элдин кур эмес,

О, ырыстуу элди карагын!

Ф